КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
**Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ**

**Жалал-Абадский государственный университет имени Б.Осмонова**

---

# БУЙРУК №74

2020-жыл 19-май — Жалал-Абад шаары

## 2020-жылдын бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялары жөнүндө.

Кыргыз Республикасынын жогорку жана орто кесиптик окуу жайларында окуу жылын аяктоо боюнча чаралар жөнүндө Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 11-майындагы №363/1 жана №364/1 буйруктарынын негизинде Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде 2019-2020-окуу жылын аяктоо үчүн окуу процессин уюштуруу максатында факультеттин декандары, колледждин директорлору, кафедра (бөлүм) башчыларына жана тиешелүү бөлүмдөрүнө

Буйрук кылам:

1. Факультеттердин декандарына, колледждин директорлоруна, кафедра башчыларына 2020-жылдагы бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо, аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен алыстан режиминде уюштурулсун;
2. Кыргыз тили жана адабияты, Кыргызстан географиясы жана Кыргызстан тарыхы дисциплиналары боюнча дисциплиналар аралык жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо, 2020-2021-окуу жылдын күзгү семестринде өткөрүлсүн;
3. Факультеттин декандарына, колледждердин директорлоруна, кафедра (бөлүм) башчыларына:
   - окутуунун бардык формаларындагы студенттер үчүн жайкы экзамендик сессиясы ЖАМУ тарабынан өз алдынча аныкталган тартипте, аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен алыстан режиминде өткөрүлсүн;
   - мамлекеттик аттестациялык комиссиялардын мүчөлөрү жана бүтүрүүчүлөрү үчүн даярдык иштерин, мамлекеттик экзамендерди өткөрүү, бүтүрүүчү квалификациялык иштерди коргоо КРнын ББИМ тарабынан Кыргыз Республикасында киргизилген өзгөчо абал жана өзгөчө кырдаал шарттарында жогорку жана орто кесиптик билим берүү программаларынын бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону уюштуруу максатында иштелип чыккан **Жогорку окуу жайлардын 2020-жылдагы бүтүрүүчүлөрүн алыстан режиминде**

**аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо боюнча сунуштардын негизинде уюштурулсун;**

- Жалал-Абад мамлекеттик университетинде ишке ашырылып жаткан адистиктер/багыттар боюнча Мамлекеттик билим берүү стандартына жана бекитилген МАнын программаларына ылайык бүтүрүүчү мамлекеттик сынактар үчүн адис чыгаруучу тиешелүү кафедралар тарабынан даярдалган тесттик тапшырмалардын компетенттүүлүккө ылайык түзүлгөндүгүн текшерүү, жана бүтүрүүчү квалификациялык иштердин сапатын жана 2016-жылдын 1-майындагы ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин № 8-протоколу менен бекиген «Бакалаврдын бүтүрүүчү квалификациялык иштерин жазуу жана коргоо боюнча жобого» ылайык келишим көзөмөлдөө факультеттин жана колледждердин сапат боюнча кеңешинин мүчөлөрүнө жүктөлсүн;
- МАнын программаларына ылайык бүтүрүүчү мамлекеттик сынактар үчүн адис чыгаруучу тиешелүү кафедралар дисциплиналар аралык комплекстүү сынактарга киргизилген предметтердин санын эске алып тесттик суроолорду киргизүү милдеттендирилсин;
- Педагогикалык багыттагы “Дисциплинанын окутуунун усулу педагогика менен” предметинен МАны тапшырууда окутуунун усулу менен педагогика жана психология предметтеринен тесттик суроолорду киргизүүдө пропорционалдык катышы эске алынсын;
- билими жөнүндө дипломдорду даярдоо 2020-жылдын 30-сентябрынан кечиктирбестен бүтүрүүчүлөргө аларды тапшыруу боюнча атайын жана мобилизациялоо иштери бөлүмү тарабынан тиешелүү чаралар көрүлсүн;
- окуу жайларды өз убагында дезинфекциялоо боюнча чараларды көрүүсү административдик-чарбалык иштер боюнча проректору С.Уметовго жүктөлсүн.

**Негизи**: ОБнын башчысы З.Сакбаеванын билдирүүсү, ОИ боюнча проректордун резолюциясы.

**ЖАМУнун ректору** **К.Ж.Усенов**

**КБнын башчысы:** **Б.Т. Осмонова**

**УИБ башчысы:** **А.Т. Акматова**

Даярдаган КБнын ага инспектору А.Жамашева

көчүрмөсү